КР Билим жана илим кызматкерлеринин
кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин
2015-жылдын 11-сентябрындагы I пленумунун
протоколу менен БЕКИТИЛДИ

КР Билим жана или кызматкерлеринин
Кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин
2025-жылдын 04-июнундагы I пленумунун
протоколу менен БЕКИТИЛДИ

# Кесиптик бирлик уюмдарынын текшерүү комиссиясы жөнүндө

## Жобо

### I. Жалпы жоболор

**1.** Кесиптик Бирлик уюмунун текшеруу комиссиясы- кесиптик бирликтин тиешелуу комитети менен бир мезгилде чогулушта, конференцияда, съездде, конференцияларда профсоюздук органдын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү менен бирдей убакытка шайлана турган өз алдынча орган.

**2.** Кесиптик бирлик уюмдарынын текшеруу комиссиялары КР билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставынын сакталышына жана аткарылышына, кесиптик бирлик уюмдарынын каржылык-чарбалык ишмердиктерине, эмгекчилердин сунуштарынын, арыздарынын жана кайрылууларынын каралышына, ошондой эле социалдык тилектештик, айкындуулук жана демократия принциптеринин сакталышына көзөмөл жүргүзөт.

**3.** Кесиптик бирлик уюмунун текшеруу комиссиялары өзүнүн ишмердигинде КР билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

**4.** Кесиптик бирликтин Республикалык текшерүү комиссиясы, кесиптик бирликтин Борбордук комитети менен бир мезгилде кесиптик бирликтин жогорку органы съездде, райондук, шаардык комитеттерде конференцияларда озунун ишмердиги тууралуу отчет берет жана ошондой эле тартипте 5 жылдык мөөнөткө шайланат.

**5.** Кесиптик бирлик уюмунун текшеруу комиссиясынын сандык курамын съездде, конференцияда шайланат, ал эми съездин, конференциянын аралыгында текшерүү комиссиянын жалпы чогулушунда текшерүү комиссиясынын курамына өзгөртүүлөрдү киргизип бекитет.

**6.** Республикалык, баштапкы, аймактык, (райондук, шаардык) кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясынын төрагасы тиешелүү текшерүү комиссияларынын жыйындарында шайланышат.

**7.** Текшеруу комиссиясынын мүчөсү бир эле мезгилде кесиптик бирлик уюмунун дайыма аракеттенип жаткан шайлануучу коллегиалдуу органынын (пленум,президиум, кесиптик бирлик комитети) мүчөсү боло албайт.

**8.** Текшерүү комиссиясыны мүчөлөрү тиешелүү кесиптик бирлик органдардын пленумдарынын, ал эми текшерүү комиссиясынын төрагасы жана мүчөлөрү президиумдардын жыйындарына же кесиптик бирлик комитететтеринин чогулуштарына катышат, добуш берет.

**9.** Текшерүү комиссиясынын мучөлорүн тутумдан чыгаруу туралуу маселе КР билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставында каралган негизде жүргүзүлөт.

**10.** Текшерүү комиссиясы бир жылга түзүлгөн тиешелүү кесиптик бирлик органы менен макулдашылган планга ылайык иш алып барат.

**11.** Кесиптик бирликтин жогорку органынын текшерүү комиссиясы кесиптик бирликтин жогорку органына баш ийген кайсы гана болбосун төмөнкү кесиптик органдарынын же уюмдарынынын ишмердиктерине көзөмөл жүргүзүүгө укуктуу. Ал ошондой эле мүчөлүк кесиптик бирлик уюмдарынын текшерүү комиссияларынын ишмердиктерине усулдук жетекчилик жүргүзөт.

**12.** Кесиптик бирликтин Борбордук комитети борбордук жана аймактык текшерүү комиссияларына усулдук жана практикалык жардамдарды берет, ал комиссиялардын мүчөлөрүн жана төрагаларын окутууну уюштурат, аларды токтомдор, нускамалар жана башка иш кагаздары менен камсыз кылат.

**13.** Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитеттин төрагасынын жана орун басарынын сунушу менен жогорку жана кесиптик орто окуу жайларынын, баштапкы, райондук жана шаардык комитеттердин финансылык бюджеттеринин аткарылышы, каржылык-чарбалык ишмердиктерин каржылоонун финансылык кыймылын текшерүү, жыйынтыгы тууралуу борбордук комитеттин пленумунд а, президиумунда кароого текшерүү комиссиясы сунуш берет жана профсоюздун мүчолорунун арыздарын жана кайрылууларын кароону тапшырат. *(өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик кошуунунун Борбордук комитетинин I Пленумунун 2025-жылдын 4-июнундагы протоколу менен киргизилген).*

## II. Текшерүү комиссиясынын ишинин мазмуну

**14. Текшерүү комиссиясы текшерет :**

- кесиптик бирликтин бюджетинин аткарылышын: мүчөлүк акылардын толук жана өз убагында төлөнүшүн, кесиптик бирликтин чогулушу бекиткен смета боюнча эгер алар каралган болсо- башка булактардан каражаттардын келип түшүүлөрүн, маданий-массалык жана ден соолукту чыңдоо иштерине, кесиптик бирликтин мүчөлөрүнө жардам берүүгө жана кесиптик бирликтин активин сыйлоого, акы төлөнүүчү аппаратты кармоого жана башка каржылоонун чыгымдарынын мыйзамдуулугун жана максатка ылайыктуулугун, акча каражаттарынын материалдык баалуулуктардын сакталышын жана алардын пайдаланылышын;
- социалдык камсыздандыруу бюджетинин аткарылышын;
- Баштапкы уюмдар жана райондук, шаардык комитеттер үчүн сметалардын түзүлүшү, бекитилиши жана смета боюнча чыгымдалышынын кыйшаюусуз аткарылышын көзөмөлдөө; *(өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик кошуунунун Борбордук комитетинин I Пленумунун 2025-жылдын 4-июнундагы протоколу менен киргизилген)*
- Жолдомолордун келип түшүүлөрү жана райондук, шаардык комитеттерден келген мүчөлүк акылардан түшкөн кирешелер ж.б.; эмгекке жарамсыздык баракчалары жана сөөк коюуга жөлөкпулдардын толтурулушунун жана төлөнүшүнүн тууралыгын; санаторияларга бөлунгөн жолдомолордун эсеп-кысабын, бөлүштүрүлүшүн, берилишин жана пайдаланылышын;
- бухгалтердик эсеп-кысаптын жүргүзүлүшүнүн тууралыгын жана кесиптик бирликтин бюджетинин каражаттары жана жолдомолор боюнча отчеттуулуктун аныктыгын;

- кесиптик бирликтин органынын кесиптик бирлик тейлөөсүндө турган кесиптик бирлик уюмдарынын текшерүү комиссияларына кесиптик бирлик органынын жетекчилиги жана жана усулдук-практикалык жардам көрсөтүү боюнча ишмердиктерин жана көзөмөлдүк-текшерүүчүүлүк иштеринин абалын;
- Уюштуруу иш-кагаздарынын жүргүзүлүшүн, кесиптик бирлик мүчөлүгүнө кабыл алуу жана мүчөлүктөн чыгуу боюнча кесиптик бирлик комитеттеринин чечимдеринин тууралыгын кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн эсеп-кысабын жүргүзүү тартиптеринин сакталышын, эмгекчилердин кайрылууларынын жана арыздарынын өз убагында жана туура чечилишин жана аткарылышын, чогулуштарда, конференцияларда, пленумдарда жана съезддерде айтылган сын-пикирлердин жана сунуштардын аткарылышын.

**15.** Жогорку органдын текшерүү комиссиясы райондук, шаардык кесиптик бирлик комитеттери балдардын ден соолуктарын чыңдоо борборлорунун, санаториялардын жана профилакторийлердин каржылык-чарбалык ишмердиктеринин чыгымдарын текшерүү жана көзөмөлдөө жүргүзөт.

## III. Текшерүү комиссияларынын укуктары жана милдеттери

**16. Текшерүү комиссиясы укуктуу:**

- текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү жүргүүзүдө бухгалтердик, каржылык жана башка иш кагаздарынын сметаларынын түп нускамаларын талап кылууга ;
- жооптуу адамдардын акча каражаттарынын жана материалдык баалуулуктарынын накта калдыктарын жана алардын сакталышын камсыз кылууну текшерүүгө;
- кредиттик уюмдардан учурдагы эсеп-кысапта канча каражаттын бар экендиги тууралуу маалымат, текшерилип жаткан органдын кызматкерлеринен каржылык тартип буузулардын аныкталган, ичип-жеген жана жетпей калган учурлары боюнча түшүнүк каттарды алууга , текшерилип жаткан органдын эсептешүүлөрү боюнча аныктамаларды сурап алууга;
- текшерүүлөрдүү жана көзөмөлдөөлөрдү жүргүзүүгө кесиптик бирлик активин, ошондой эле тиешелүү кесиптик бирлик органынын аппаратынын кызматкерлерин тартууга;
- **текшерүүнүн жыйынтыгы менен Борбордук комитетинин президиумуна маселе киргизүүгө, күнөөлүүлөрдүн кызмат абалын кароого сунуш киргизүүгө;** *(өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик кошуунунун Борбордук комитетинин I Пленумунун 2025-жылдын 4-июнундагы протоколу менен киргизилген)*

**17. Текшерүү комиссиясы милдеттүү:**

- текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү сапаттуу жүргүзүүгө, текшерилип жаткан органга аныкталган тартип бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга жана киргизүүгө, алардын аткарылышына көзөмөлдүк кылууга;
- акча каражаттарынан жана материалдык баалуулуктардан жок кылуу, урдоо, жетпей калуу учурлары катталганда кесиптик бирлик комитеттеринен келтирилген чыгымдарды калыбына келтирүү боюнча чараларды көрүүнү талап кылууга;
- жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жана көзөмөлдөөлөрдүн жыйынтыктары тууралуу ыкчам ачыктыкты камсыз кылууга, өз ишмердиги тууралуу конференцияларда, чогулуштарда,пленумдарда отчет берип турууга.

## IV. Текшерүү комиссияларынын иштөө тартиби

**18.** Жогорку жана райондук, шаардык комитеттердин текшерүү комиссиялары өзүнүн түзүп бекитилген жылдык планы боюнча иштейт, иш пландар Борбордук комитет жана тиешелүү райшаардык комитеттер менен макулдашылат, жылдык пландын бир нускасы тиешелүү кесиптик бирлик комитеттерине маалымат үчүн жиберилет. Зарыл болгон учурларда текшерүү комиссиялар Борбордук жана райшаардык комитеттердин макулдугу менен пландан тышкары текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү жүргүзөт.

**19.** Текшерүү комиссиясы тарабынан милдеттүү түрдө отчеттук-шайлоо чогулуштарынын, конференциялардын жана съезддердин алдында, анан дагы кесиптик бирлик уюмунун төрагасы алмашкан учурда кесиптик бирлик уюмунун жаңыдан шайланган төрагасына иш кагаздарын жана акча каражаттарын өткөрүп берүү үчүн жүргүзүлөт, булар тууралуу кесиптик бирлик органы тарабынан бекитилген иш кагаздарын номенклатурасына ылайык иш кагаздарын өткөрүп берүү жана өткөрүп алуу актысы түзүлөт жана жыйынтыгы Борбордук комитеттин президиумуна кароого сунуш берүүгө болот.

**20.** Текшерүүлөр жана көзөмөлдөө боюнча иш кагаздары тиешелүү актылар жана тастыктамалар менен толтурулат жана беш жылдан кем эмес мөөнөткө сакталат.

**21.** Текшерүү комиссиясынын сунуштары билим берүү уюму үчүн милдетүү болуп саналат жана текшерүү комиссиянын сунушу белгиленген бир айлык мөөнөттө аткарылууга тийиш.

**22.** Кесиптик бирлик органы текшерүү комиссиясынын катуушусу менен өз жыйынында бир айлык мөөнөттө текшерүүнүн (көзөмөлдөөнүн) иш кагаздарын кароого, текшерүүдө жана көзөмөлдөөдө аныкталган тартип бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрүүгө милдетүү.

**23.** Текшерүү комиссиясынын иш сапарлары менен чыгып, жүргүзгөн текшерүүлөрү менен байланышкан чыгымдарды тиешелүү кесиптик бирлик орган тарабынан же жиберген орган тарабынан төлөнүп берилет.

**24.** Текшерүү комиссиясы менен кесиптик бирликтин шайланган коллегиалдуу органынын ортосундагы пикир келишпестиктер чогулуш (конференция) же кесиптик бирликтин шайланган жогорку коллегиалдуу аткаруу органы президиум, пленум тарабынан каралат же чечилет.

**25.** Кесиптик бирликтин райондук, шаардык комитеттери кесиптик бирликтин мүчөлүк акыларын которууну үч айдан ашык убакытта аткарбаган шартта кесиптик бирликтин жогорку органынын текшерүү комиссиясы андай уюмдун каржылык ишмердигине талдоо жүргүзөт жана кесиптик бирликтин тиешелүү шайланган коллегиалдуу органына сунуштарын киргизет.

**26.** Текшерүү комиссияларынын мүчөлөрү активдүү иштери жана текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү жогорку сапатта жүргүзгөдүктөрү үчүн кесиптик бирликтин Борбордук комитети тарабынан бекитилген тартипте сыйланышы мүмкүн.